КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ 04-13/537 «31» 05 20 21

Сизд.чыг. (На) № ________ «____» ________ 20__

**Ош обласынын Өзгөн**
**шаарынын мэриясынын**
**жетектөөчү адисине**
**И. Исабаевке**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы Сиздин 2021-жылдын 26-апрелиндеги келип түшкөн арызыңызды карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 42-беренесинин 5 жана 6 бөлүктөрүнө ылайык:

*«Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.*

*Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат».*

Мындан тышкары, Мыйзамдын 42-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, ***арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.***

Жогоруда белгиленгендердин негизинде Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын шайлоо жыйынтыктары Мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте бекитилген жана Мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттө арыздар (даттануулар) түшкөн эместигин билдиребиз.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

атк. Манап у Э, т.0312 62-01-84

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ

rU GP rf ve LS xL KV BK tl bs Bo TB zo 0l Pm Pn ZD M7 AE KY ZQ X6 VG zH gm ep h5 gN o4 fE 31
Владелец: Алыбаева Чынара Бердишалиевна
Действителен: с 18.11.2020 по 18.11.2021